# Курак шопер



Автор: Үмүтай Шүкүрбай кызы

Сүрөтчү: Нурай Акматова

# Курак шопер

Автор: Үмүтай Шүкүрбай кызы
Сүрөтчү: Нурай Акматова

Кыргыз тилинде
Бишкек 2023

Copyright © 2023, Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) боюнча лицензияланган”

http://creativecommons.org/licenses/by/4.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.


"Курак шопер" (кыргыз тилинде), автор Үмүтай Шүкүрбай кызы, сүрөтчү Нурай Акматова

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

Created with Bloom

Бермет көркөм өнөр сабагында биринчи жолу сайма саюуну, тигүүнү үйрөндү.

– Чоң эне, чоң эне-е, караңызчы! – деп эшиктен кирер замат сайма сайылган кездемени көрсөттү.



– Азаматсың, кызым! Сайманы мыкты сайыптырсың, – деп чоң энеси мактады.

Чоң энеси түрдүү түстөгү кездеменин кесиндилерин чогултуп, бир нерсе тигүүгө даярданып отуруптур.

– Кызык, чоң эне, мындай көп кесиндилерди эмне кыласыз? – деп таң калды Бермет.



– Кызым, кездемелерди бириктирип тигебиз. Түрдүү түстөгү кесиндилерден, өөндөн кураштырылып жасалган буюм курак деп аталат. Курак куроо – бул тикмечилик, саймачылык өнөрүнүн бир түрү. Ал илгертен ата-бабалардан калган мурас, жасалга өнөрү. Илгери кымбат кездемелер тартыш болгон. Ашып калган кесиндилерди жараксыз деп ыргытып салуу ысырап деп эсептелинген. Ошондуктан, кесиндилерди керекке жаратуу максатта, бири-бирине улап курап тигүү аркылуу курак өнөрү пайда болгон.

– Ай-и-ий, ушул кесиндилердин баарын бириктирип тигесизби?

– Ооба. Курак куроо өтө татаал, майда иш. Ал кыздарды кылдаттыкка, сабырдуулукка тарбиялайт, – деди чоң энеси ийне-жиптерин салган курак-куржунду илип жатып.



Бермет курак куржунду карап туруп, мектепке көтөрчү заманбап shopper тигүүгө боло турганын ойлонду.

– Чоң эне, мага да курак кураганды үйрөтүңүзчү, мен өзүмө заманбап баштык тигип алам, – деди Бермет.

Чоң энеси экөө көпкө чейин отуруп, курактан кооз баштык тигишти.



Бермет баштыгына китеп-дептерлерин салып мектепке көтөрүп барды. Курак баштык классташтарына, курбуларына да жакты. Улам бирөө кызыгып келип сурап жатты. Сайкал менен Канышай аябай суктанышып, Берметтин чоң энесинен курак кураганды үйрөнмөк болушту.



– Анда саат үчтө менин үйүмдүн жанынан көрүшөбүз, – деди Бермет тыкылдап.

Курбулары ийне-жиптерин, түрдүү кездемелердин өөндөрүн көтөрүп убагында келишти. Чоң эне аларга да курак кураганды үйрөтүп, курактын "каттама курак", "турна курак", "кунаба курак" сыяктуу түрлөрүн көрсөтүп берди.

– Карачы, булар чыныгы геометриялык фигураларга айланып калды го, – деди курак курап жаткан Канышай.


– Чын эле, мына үч бурчтук, а бул төрт бурчтук экен! – деп Сайкал да курактарды карады.

– Ооба, симметрия жана пропорция, ар түрдүү түстөгү татаал фигуралар колдонулат. Курактын эки негизги формасы бар. Биринчиси төрт бурчтуу жана үч бурчтуу кесиндилерден, экинчиси ар кандай түстөгү узун тилкелерден жасалат, – деп Бермет ар бирин көрсөтүп берди.

Кыздарга курак куроо абдан жакты. Алар эртең да келип, Бермет менен чогуу үйрөнмөк болушту.



Эртеси мектепте чогулуш болду. Директор окуучуларга Ысык-Көл облусу боюнча полиэтилен баштык колдонууга тыюу салынганын айтып, экологияга терс таасирин тийгизбей турган эко-баштыкчаларды көтөрүүгө чакырды. Бул чогулуш кыздарга курак жөнүндөгү чоң идеяны ишке ашырууга максат болуп чыга келди. Алар уникалдуу эко-этно баштыкчаларды тигип башташты. Сайкал кездемени тандап, баштыктын дизайнын чийип бычат. Бермет курак курайт. Ал эми Канышай даяр болгон *shopper* баштыкка, куралган куракты колдо тигип коoздоп чыгат. Кыздар курактан башка, оймо-чиймелерди кошуп, ар түрдүү көлөмдөгү баштыкчаларды да тиге башташты. Чоң энеси товар даяр деген белгини жармаштырып турду.



Көп өтпөй, Чолпон-Ата шаарында кыздардын эко-курак баштыкчаларын көтөргөн туристтер, жергиликтүү калк көбөйө баштады. Андан сырткары документ, ноутбук, акча сала турган буюмдарды да тиге башташты. Ар бир буюм бири-биринен оймо-чиймелери, курактары, түстөрү менен айырмаланып турат.

Ооба, бул башталышы гана!

Кыздар келечекте улуттук стилде жасалган курак-баштыкчаларын дүйнөлүк брендге айлантып, дүйнө жүзүнө экспорттоону кыялданышты.



АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ


Автор: Үмүтай Шүкүрбай кызы

Сүрөтчү: Нурай Акматова



USAIDдин "Окуу керемет!" долбоору

Кыргыз Республикасы


1-класс
- 1.1 деңгээли
- 1.2 деңгээли
- 1.3 деңгээли

2-класс
- 2.1 деңгээли
- 2.2 деңгээли

3-класс
- 3.1 деңгээли
- 3.2 деңгээли

4-класс
- 4.1 деңгээли
- 4.2 деңгээли